ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№07/25 протоколу

2026-ж. 25-февралы Манас ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 18
Катышкандар: 16
Катышпагандар: 3 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптулар	Регламент	Тиешелүү материалдар
1	Медициналык факультеттин деканынын жарым жылдык отчету	Астанов Ш.М. – медициналык факультеттин деканы	**10 мин**	Баяндама, токтом долбоору
2	Кышкы экзамендик сессиянын жыйынтыктары жөнүндө	Канетова Д.Э. –окуу - маалымат бөлүмүнүн башчысы	**10 мин**	Баяндама, токтом долбоору
3	Билим берүү сапатынын ички өзүн-өзү баалоо системасынын эффективдүүлүгү жана аны жогорулатуу жолдору	Ташиева Г.С.- сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор	**5 мин**	Баяндама, токтом долбоору
4	2026-2027-окуу жылына карата кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысын дайындоо жөнүндө	Нарбаев М.Р. - ректор	**5 мин**	Баяндама, токтом долбоору
5	Штаттык бирдиктерге өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө	Нарбаев М.Р. - ректор	**10 мин**	Баяндама, токтом долбоору
6	Ар түрдүү маселелер			
6.1	Биоэтикалык комитетти түзүү жана курамын бекитүү жөнүндө	Ташиева Г.С.- сапат жана дарылоо иши боюнча проректор	**5 мин**	Баяндама, токтом долбоору
6.2	1-2 март күндөрү өткөрүлүүчү X “Иммунология жана иммунопрофилактика: 2026” эл аралык юбилейдик конгрессти уюштуруу жөнүндө	Асилова З.А. - илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор	**10 мин**	Билдирүү, токтом долбоору
6.3	Мамлекеттик аккредитацияга карата даярдыктар жөнүндө	Нарбаев М.Р. - ректор	**5 мин**	Маалымат токтом долбоору

6.4.	Окуу пландарын бекитүү жөнүндө	Садырова Н.А. Окуу иштери боюнча проректор	**5 мин**	Баяндама, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча медициналык факультеттин деканы Астанов Ш.М. сөз сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! 2025-2026-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгы боюнча отчетту тартуулайм.

Ар бир айдагы аткарылгаништерге токтоло кетүүгө уруксат бериңиздер.

Июль айында. Индиядагы иш сапардын алкагында декан жана окуу иштери боюнча декандын орун басары тарабынан болжол менен 13 штатында жолугушуулар өткөрүлдү. Абитуриенттер, студенттер, алардын ата-энелери, бүтүрүүчүлөр жана академиялык чөйрөнүн өкүлдөрү менен билим берүү жана карьералык мүмкүнчүлүктөр, эл аралык кызматташтык жана студенттерди колдоо маселелери талкууланды.

Август айында медициналык факультетти 2025-2026-окуу жылына даярдоо боюнча уюштуруу иштери жүргүзүлдү.

Университеттин ректоратынын отурумдарына катышып, окуу процессин уюштурууга байланышкан негизги маселелер талкууланды.

Кафедралардын окуу ишине жооптуу кызматкерлери менен жыйын өткөрүлүп, жаңы окуу жылына карата милдеттер аныкталды. Бардык кафедралардын окуу-методикалык жана уюштуруучулук даярдыгы текшерилип, кемчиликтер боюнча тийиштүү көрсөтмөлөр берилди.

Сентябрь айында биринчи курска кабыл алынган студенттердин жеке иштерин кароо иштери жүргүзүлүп, академиялык топтор (тайпа) түзүлдү, курс жана тайпа лидерлери аныкталды, тиешелүү эсептик документация тартипке келтирилди.

- Лекциялык жана практикалык сабактардын календарлык-тематикалык пландарынын туура түзүлүшү жана аткарылышы талданып, окуу процессине көзөмөл жүргүзүлдү.
- Студенттер үчүн жылдык медициналык кароону уюштурууга көмөк көрсөтүлдү.
- «Студенттерге кабыл алуу» салтанаттуу иш-чарасы уюштурулду.
- Ошондой эле факультеттин окуу-методикалык кеңешинин отурумдарына активдүү катышуу камсыздалды.
- Студенттердин компьютердик маалымат базасы, ватсап группалары түзүлүп эдвайзерлер дайындалды.
- Дисциплиналардын жумушчу программаларынын ЖПББ МББС жана ЖАМУ талаптарына (жоболөрүнө) шайкештиги көзөмөлдөндү.

Октябрь айында биринчи курс студенттери менен өндүрүштүк жыйындар өткөрүлдү. Чет өлкөлөрдөн келген студенттер үчүн Билим күнүнө арналган иш-чаралар уюштурулду. Студенттик актив (тайпа старосталары) буйрук менен бекитилди. Факультет боюнча студенттердин учурдагы жетишкендиктери талданып, сабактардын окуу-өндүрүштүк базаларда өткөрүлүшүнө көзөмөл жүргүзүлдү.

Иш берүүчүлөр менен студенттердин жолугушуулары (офлайн жана онлайн форматта) уюштурулду. Тышкы иштер министрлигине документтерди өз убагында тапшыруу көзөмөлгө алынды. Чет өлкөлүк студенттер үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, паспорттук-визалык режим жана коопсуздук маселелери боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Ноябрь айында факультет боюнча студенттердин учурдагы жетишкендиктерине талдоо жүргүзүлүп, деканаттын жыйынында каралды.

- Кышкы экзамендик сессияга даярдык көрүү үчүн окуу жадыбалдары такталып, тиешелүү документация даярдалды.
- Кафедралардагы сабактардын жана өндүрүштүк практиканын жүрүшү көзөмөлдөндү. Үлгүрбөгөн студенттер менен жекече иш жүргүзүлүп, ата-энелерине маалымдоолор жөнөтүлдү. Окуу төлөмдөрү боюнча жеңилдик берүү комиссиясынын отурумдары өткөрүлдү.
- Спорттук жана ден соолукту чыңдоочу иш-чаралар уюштурулду.

Окуу жылынын башталышынан тартып медициналык факультет чет өлкөлүк студенттер үчүн 560001 «Дарылоо иши» (5 жыл) билим берүү программасы боюнча IAAR эл аралык программалык аккредитациядан өтүүгө системалуу даярдык көрдү. Окуу-методикалык документтер, кадрдык камсыздоо жана материалдык-техникалык база эл аралык талаптарга ылайык келтирилди.Даярдык иштеринин жыйынтыгында программа IAAR тарабынан 3 жылдык программалык аккредитациядан ийгиликтүү өттү.

Декабрь айында биринчи курстардын ата-энелери үчүн онлайн форматта жыйындар өткөрүлдү. Кафедралардын окуу-методикалык ишмердүүлүгү жана студенттердин өз алдынча ишин уюштуруу процесси көзөмөлдөндү. Кышкы кабыл алуу үчүн кесиптик багыт берүү иштери жүргүзүлүп, кабыл алуу комиссиясынын ишине катышуу камсыздалды. Студенттер менен окуу жана уюштуруучулук маселелер боюнча жыйындар өткөрүлдү. Саламат жашоо образын жайылтуу максатында СПИДге каршы күрөшүү күнүнө, кургак учук жана ЖЖБИнин алдын алуу боюнча тематикалык лекциялар уюштурулду.

Январь айында ИОБ жана деканат экзамендердин өткөрүлүшүнө катышып, объективдүүлүк жана тартип сакталуусуна көзөмөл жүргүзүлдү.

Чет өлкөлүк студенттерди илимий иштерге, студенттик семинарларга жана конференцияларга тартуу иштери аткарылды. Академиялык мобилдүүлүк программаларын кеңейтүү боюнча эл аралык бөлүм менен биргеликте иштер аткарылды. Чет мамлекеттердин элчиликтеринин өкүлдөрүн кошо алганда, чет өлкөлүк делегацияларды кабыл алуу иш-чаралары уюштурулду. Переэкзаменовкаларды өткөрүү уюштурулуп, жазгы семестрдин расписаниелери талданып, бекитүүгө даярдалды.”

Суроо бергендер: 1) Ректор Нарбаев М.Р. – “Студенттер тарабынан кандай арыздар түшкөн жана ал маселелер кандай чечилген?”

Жооп: декан Астанов Ш.М. – “Студенттер тарабынан түшкөн арыз, талаптарына өз убагында карап чечип жатабыз. Мисалы этаждарга таза суу коюу маселеси түшкөн. Ар бир этажга коридорго таза суу коюлду. Оронгон кыздардан эркектерден бөлөк китепкана уюштуруп бериңиздер деген талап түшкөн. Өз убагында аткарылды.”

2) Сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор Ташиева Г.С. – “Окуу пландар боюнча анатомия, микробиология жана гистология, физиология предметтери бир мезгилде башталып калганы сизди ойлондурган жокпу, программа жетекчиси катары, специалист катары ушул маселени кандай карайсыз?”

Жооп: декан Астанов Ш.М. – “Бизде алгач чет өлкөлүк студенттер болгондуктан бир нече чет өлкөлүк студенттерди окуткан окуу жайлардын программаларын карадык. Чет өлкөдө коюлуп жаткан талаптар боюнча аталган предметтер бир мезгилде коюлган.”

Сөзгө чыккандар:

1) Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор З.А.Асилова: – “Албетте деканатта чоң иш аткарылды, студенттер катышкан бардык иш чараларды көзөмөлдөп жакшы деңгээлде өткөрүштү, буга баарыбыз күбөбүз. Ошондуктан декандын ишин канааттандырарлык деп эсептегени сунуштайм.”

Токтом долбоору:

1. Деканаттын жарым жылдык отчёту канааттандырарлык деп табылсын;
2. Деканатка жана кафедра башчыларына экинчи жарым жылдыкта окуу планындагы, окуу-усулдук комплекстердеги (ОМК), силлабустардагы жана баалоо каражаттарынын фонддорундагы (ФОС) аныкталган кемчиликтерди жоюу жүктөлсүн, мында алардын мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана аккредитациялык талаптарга шайкештиги камсыздалсын;
3. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө деканга жүктөлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысы Канетова Д.Э. сөз сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы, урматтуу төрага, урматтуу окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү. Жарым жылдык отчет берүүгө уруксат бериңиздер.

2025-2026-окуу жылынын күзгү семестринин жыйынтыгы боюнча Жалал-Абад эл аралык университетинде окуу процессин санариптештирүү, студенттердин катышуусун жана жетишүүсүн талдоо боюнча иштер жүргүзүлдү. Отчеттук мезгил ичинде eBilim маалыматтык системасы активдүү колдонулуп, сабакка катышуу, баалоо, онлайн-тестирлөө жана окуу жетишкендиктерин көзөмөлдөө мүмкүнчүлүктөрү кеңейтилди.

Жыйынтыктар боюнча университетте жалпы контингент 1037 студентти түздү. Анын ичинен 819 студент сессияга катышып, 726 студент бардык сабактар боюнча ийгиликтүү жыйынтык көрсөттү. Орточо сабакка катышуу көрсөткүчү жогорулап, окуу курстарынын басымдуу бөлүгүндө санариптик инструменттер пайдаланылган. Өзгөчө 1-, 2-, 3- жана 5-курстарда жетишүү көрсөткүчтөрү салыштырмалуу жакшы болгон, ал эми 4-курста катышуу жана жетишүү деңгээли төмөн болуп, кошумча көзөмөлдү талап кыла тургандыгы аныкталган.

Окуу процессин санариптештирүүнүн алкагында электрондук журнал, онлайн-тестирлөө, автоматташтырылган билдирмелер, аналитикалык панелдер жана ички коммуникациялык платформалар колдонууга киргизилди. Мунун натыйжасында окутуучулар менен деканаттардын жумуш убактысы үнөмдөлүп, баалоодогу техникалык каталар азайып, студенттер үчүн окуу материалдарына жеткиликтүүлүк жакшырды.

Ошол эле учурда интернетке жеткиликтүүлүк, айрым студенттер менен окутуучулардын санариптик сабаттуулугу, санариптик ресурстардын жетишсиздиги жана техникалык колдоо маселелери негизги кыйынчылыктар катары белгиленди. Бул маселелерди чечүү үчүн инфраструктураны жакшыртуу, кошумча окутууларды уюштуруу, лицензияланган платформаларды көбөйтүү жана техникалык колдоо кызматын күчөтүү сунушталган.

2026-жылдын жазгы семестри үчүн санариптик курстарды көбөйтүү, эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү, илимий изилдөөлөрдү санариптик инструменттер менен

колдоо жана жасалма интеллект элементтерин окуу процессине киргизүү багыттары пландаштырылган.

Жыйынтык:

Күзгү семестрдин жыйынтыгы университетте окуу процессин санариптештирүү боюнча оң өзгөрүүлөр жүрүп жатканын көрсөттү. Санариптик системаларды колдонуу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, башкарууну жакшыртууга жана студенттердин окуу жетишкендиктерин ыкчам көзөмөлдөөгө өбөлгө түздү."

Суроо: Сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор Г.С.Ташиева: – "Дарылоо иши адистигинин окуу программасында 10 окутуунун жыйынтыгы бар, ошолорду санариптештиргени мүмкүнчүлүк барбы?"

Жооп: окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысы Канетова Д.Э. – "Бул маселе Гульбара Самидиновна тарабынан көтөрүлгөн, биз бөлүм менен талкуулаганбыз. Эбилимде компетенцияны аныктоо билим, билгичтик, көндүм аркылуу жүргүзүлөт. Билим, билгичтик тестирлөө аркылуу баалоого киргизилген, ал эми көндүм боюнча ОСКЭ, ОСПЭлерди, ар бир предмет боюнча компетенциялардын матрицасын системага киргизүүнүн үстүндө иштеп жатабыз."

Суроо: Морфологиялык дисциплиналар кафедрасынын доценти м.и.к., дроцент Темиров Н.М. – "Окуу процесси кечирээк башталганына байланыштуу окутуучулардын отпуска мезгили кандай болот? Отпускага кеткинчае окуу процессои токтойбу?"

Жооп: окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысы Канетова Д.Э. – "Эгерде график мугалимдин отпускасына туура келсе окутуучулар кайра отпускадан чакырылат, айлык маянасы сааттык төлөм менен төлөнүп берилет."

Төмөнкүдөй токтом долбоору:

1. Окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысынын маалыматы эске алынсын, отчету канааттандырарлык деп табылсын;
2. Жайкы семестрди уюштуруу боюнча жобо кайрадан иштелип чыгылсын;
3. ОСКЭ, ОСПЭ уюштуруу боюнча иш кагаздарды иштеп чыгуу кафедра башчыларына жүктөлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3-маселе боюнча сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор Ташиева Г.С. сөз сүйлөдү: – "Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер Билим берүү сапатынын ички өзүн-өзү баалоо системасынын эффективдүүлүгү жана аны жогорулатуу жолдору боюнча айтмакчымын.

Учурдагы талдоонун жыйынтыгы боюнча ички сапат камсыздоо системасы стратегиялык башкаруу менен жетиштүү деңгээлде интеграцияланбагандыгы аныкталды, маалыматтан чечимге, чечимден аракетке жана анын натыйжасын көзөмөлдөөгө чейинки бирдиктүү механизмди күчөтүү зарыл. Ошондой эле түзүмдүк бөлүмдөр менен билим берүү программаларынын ортосундагы өз ара шайкештикти камсыз кылуу, мониторинг жана ички аудит иштерин системалаштыруу, сапатты контролдоодон сапатты камсыздоо моделине өтүү негизги милдет болуп эсептелет.

Университетте сапатты жакшыртуу үчүн төрт негизги чечим сунушталат: ЖАМУнун Сапат кеңешинин ишин күчөтүү жана анын жаңыланган курамын бекитүү; билим берүүнүн сапатын ички камсыздоо системасынын түзүмүн бекитүү; ББСКИСтин иш

планын жана постаккредитациялык иш-чаралар планын кабыл алуу; ошондой эле KPI боюнча жобону бекитип, KPI комиссиясынын ишин жөнгө салуу. Сапат кеңеши ректордун алдындагы коллегиалдуу башкаруу органы катары ай сайын жыйын өткөрүп, мониторингдердин жыйынтыктарын, тобокелдиктерди, кемчиликтерди жана аларды жоюу боюнча чараларды карап туруусун сунуштайм.

ББСКИСтин түзүмү боюнча айта турган болсок, ал төрт баскычтан турат: башкаруу, процесстер, өлчөө жана жакшыртуу. Бул система PDCA жана CAPA принциптеринин негизинде ишке ашырылып, билим берүү программаларынын, илимий иштердин, клиникалык даярдыктын, ресурстардын жана башкаруу процесстеринин сапатын туруктуу жакшыртууга багытталган. Ишке киргизүүнүн жол картасы катары 30, 60 жана 90 күндүк этаптар сунуштасак болот, ар бир баскычта аткарылуучу уюштуруучулук жана көзөмөл иш-чаралары аныкталат.

Ошондой эле KPI боюнча жободо бирдиктүү 100 баллдык баалоо системасын киргизүү, отчеттук мезгилди окуу жылынын алкагында жүргүзүү, маалыматтарды верификациялоо, алдын ала жыйынтыктарды жарыялоо, апелляцияларды кароо жана акыркы бааларды Окумуштуулар кеңешине сунуштоо тартиби көрсөтүлгөн. Бул чаралар университеттеги жоопкерчиликти күчөтүүгө, көрсөткүчтөрдү өлчөнүүчү кылууга жана натыйжалуулукту жогорулатууга багытталган.”

Токтом долбоору:

1. Сапат кеңешинин курамы сунушталган курамда кайрадан бекитилсин;
2. Аккредитациядан кийинки НААР тарабынан берилген сунуштардын аткарылышы күчөтүлсүн;
3. Кызматкерлердин жана окутуучулардын KPI боюнча жобосу өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

4-маселе боюнча ректор Нарбаев М.Р. сөз сүйлөдү: – “Урматтуу кесиптештер 2025-2026-окуу жылына карата кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы болуп Садырова Нургуль Адылгазиевна ийгиликтүү иштеп берди, ал эми кийинки окуу жылынан карата жаңы жооптуу катчы дайындашыбыз керек.

2026-2027-окуу жылы үчүн кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы катары медициналык факультеттин деканы Астанов Шавкатбек Моминжановичти дайындоого сунуштайм.”

Сөзгө чыккандар:

Президент Ж.Т.Арынбаев: – “Шавкатбек Моминжанович жакшы иштеп бересиз деп ишенем. Профориентациялык иштерди баштай берсениз болот. Сизди колдойм жана ийгиликтерди каалайм.”

Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор З.А.Асилова сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер! Биздин окуу жайдын негизги контингенти чет өлкөлүк студенттер, Шавкатбек Моминжанович чет тилди жакшы билгенине байланыштуу эң туура чечим болгон деп эсептейм. Колдойм, жана баарыңыздарды колдоого чакырам.”

Токтом долбоору:

1. 2026-2027-окуу жылы үчүн кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы катары медициналык факультеттин деканы Астанов Шавкатбек Моминжанович дайыналсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

5-маселе боюнча ректор Нарбаев М.Р. сөз сүйлөдү: – "Урматтуу кесиптештер быйылкы окуу жылында студенттерибиздин саны көбөйгөндүктөн, пайда болгон муктаждыктардын негизинде кээ бир структуралык бөлүмдөрдө жаңы кызмат орундарын ачуу зарылдыгы келип чыгып жатат. Окумуштуулар кеңешине жаңы штаттык кызмат орундарын ачуу маселесин кароо сунушу менен тиешелүү структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери кайрылышкан. Ошондуктан азыр сөздү Укуктук иштер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысына, башкы эсепчиге жана окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысына берем."

Сөзгө чыккандар:

1. **Укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы Сыдыкова Б.Ж.**- "Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, биздин бөлүмгө бир штат архивариустун ордун ачууга негиз бар себеби, быйылкы жылы бүтүрүүчүлөрүбүз бар, андан сырткары которулуп жаткан, окуу жайдан чыгарылган студенттердин жана белгилүү себептер менен жумуштан бошоп кеткен кызматкерлердин документтери архивге тапшырылыш керек. Ошондуктан штатты ачып берүүнүздөрдү суранам."
2. **Башкы эсепчи Сыдыкова Ү.А -** "Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, биздин бөлүмгө бир штат кассир штатын ачуунун зарылчылыгы келип чыгууда. Анткени жакынкы чет өлкөлүк жана жергиликтүү студенттердин кыймылы болгон учурда аларга буйруктар чыгып, Ебилимге өздүк маалыматтары киргизилгенге чейин кээ бир төлөмдөрү жүргүзүүгө туура келүүдө. Ебилимде маалыматы киргизилбеген студенттер банкка же терминал аркылуу төлөмдөрдү жүргүзө алышпайт жана бул студенттер үчүн кыйындык жаратып жатат. Ошондуктан студенттердин кызыкчылыгын эске алып бул штаттык бирдикти ачып берүүнүздөрдү суранам."
3. **Сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор Г.С. Ташива** "Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, учурда студенттерибиз көбөйгөнүнө байланыштуу Окуу-маалымат бөлүмүнө практика боюнча башкы адис кызмат ордун ачууга сунуштайм. Анткени практика сааттары да көбөйдү, студенттерди практикага жөнөтүү, иш кагаздарын даярдоо, кайра практиканын жыйынтыгы боюнча иш кагаздарын, отчетторду кабыл алуу жана практика өтүлүүчү мекемелер менен келишимдерди түзүп, тыгыз иштөө үчүн атайын адис бөлүнүшү керек. Бул багытта жумуштун көлөмү да жетиштүү. Ошондуктан бул сунушту колдоп берүүнүздөрдү өтүнөм."

Токтом долбоору:

1. Укук иштери жана адам ресурстары бөлүмүндө 1 (бир) штаттык бирдик "Архивариус" кызмат орду ачылсын;
2. Эсепкана бөлүмүндө 1 (бир) штаттык бирдик кассир кызмат орду ачылсын;
3. Окуу-маалымат бөлүмүндө 1 (бир) штаттык бирдик практика боюнча башкы адис кызмат орду ачылсын;

4. Жогоруда аталган штаттык бирдиктерди эске алуу менен университеттин штаттык жадыбалына жана тарифтик-квалификациялык тизмесине өзгөртүүлөр киргизилсин;
5. Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешмесинен суралсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

6.1 - маселе боюнча сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор Ташиева Г.С. сөз сүйлөдү: – "Урматтуу кесиптештер, административшдик кенеште биоэтикалык комитетти түзүү боюнча маселе каралган. Бул комитет илимий изилдөөлөрдүн катышуучуларынын автордук укуктарын жана коопсуздугун коргоо, ошондой эле улуттук жана эл аралык биоэтикалык талаптарды сактоо максатында түзүлөт. Комитет сертификацияланган эксперттерди, сырткы мекемелерден адистерди, экономисти, юристи жана студентти камтуусу зарыл. Биоэтика комитетинин курамын токтом долбоорунда сунушталган курамда бекитип берүүңүздү суранам."

Токтом долбоору.
Биоэтика комитетинин курамын төмөнкүдөй курамда бекитилсин.

1. Ташиева Гульбара Самидиновна – Сапат жана дарылоо иши боюнча проректор, м.и.к., доцент, комиссиянын төрагасы;
2. Садырова Нургуль Адылгазиевна – Окуу иштери боюнча проректор, м.и.к., доцент;
3. Темиров Немат Мойдунович - Клиникалык дисциплиналар кафедрасынын доценти, м.и.к.доцент;
4. Ураимов Алмазбек Жанышевич – Окуу-маалымат бөлүмүнүн жетектөөчү адиси;
5. Осмонов Алтынбек Батырович – Юрист;
6. Палванов Жапар Ысманович – ЮРФА дарылоо-диагностикалык борборунун Манас шаарындагы аткаруучу директору.
7. Рысбаева Айгуль Усманжановна БАЭМУ нун виварийинин башчысы;
8. Уламадыл кызы Акмарал – Клиникалык дисциплиналар кафедрасынын лаборанты, комиссиянын катчысы.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

6.2.- маселе боюнча илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор Асилова З.А. сөз сүйлөдү: – "Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Ар бир административдик кеңеште 1-2-март күндөрү өткөрүлүүчү X "Иммунология жана иммунопрофилактика: 2026" эл аралык юбилейдик конгрессти уюштуруу жөнүндө маселени карап жатабыз, уюштуруу моменттери такталып, керектелүүчү чыгымдар аныкталган. Ушул иш чараны өткөрүү үчүн университеттин эсебинен акча каражатын бөлүп берүүңүздү суранам."

Токтом долбоору

1. 2026-жылдын 1-2-март күндөрү университет тарабынан өткөрүлүп жаткан X юбилейлик Эл аралык «Иммунология жана иммунопрофилактика 2026»

аталышындагы конгрессти уюштурууга жана өткөрүүгө кеткен чыгымдарга университеттин эсебинен акча каражаты бөлүнсүн;
2. Жогорудагы чечимди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешмесинен суралсын.

6.3-маселе боюнча ректор Нарбаев М.Р. сөз сүйлөдү: – “Урматтуу кесиптештер, өзүнүздөргө белгилүү болгондой президенттин указынын негизинде билим сапатын жогорулатуу максатында медициналык адистиктерди даярдаган окуу жайларды мамлекеттик аккредитациядан өткөрүү тапшырмасы коюлган. Ошондуктан биз бул багытта алдын ала даярдыктарды жүргүзүшүбүз керек. Буга чейин административдик кеңеште аудиториялык фондду, окуу лабораторияларын, материалдык техникалык базаны жана китептердин жетишкендигин карап чыкканбыз. Жыйынтыгында аккредитациялык талаптарга ылайык материалдык техникалык базаны күчөтүү жана предметтер боюнча окуу китептерин сатып алуу зарылчылыгы келип чыкты. Ушул маселе боюнча жана окуу китептерин жана симуляциялык борборго, лабораторияларга керектүү жабдууларды жана материалдарды сатып алууну сунуштайм.”

Сөзгө чыккандар:

Окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садырова: – “Албетте Сиздин оюңузга кошулам. Быйылкы окуу жылында студенттердин саны көбөйгөнүнө байланыштуу китеп фондун, симуляциялык борборго, лабораторияларга керектүү жабдуулардын лицензиялык жана аккредитациялык талаптарга ылайык санын көбөйтүшүбүз абзел.”

Сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор Г.С.Ташиева: – “Урматтуу кесиптештер, ректор тарабынан көтөрүлгөн маселе бүгүнкү күндө өзгөчө мааниге ээ. Билим берүү жана дарылоо-усулдук процесстеринин сапатын жогорулатууда аудиториялык фонддун, окуу лабораторияларынын, симуляциялык борбордун жана материалдык-техникалык базанын жетиштүү деңгээлде камсыз болушу негизги шарттардын бири болуп саналат. Ошону менен катар, билим алуучуларды заманбап окуу китептери менен камсыз кылуу да окуу процессинин натыйжалуулугун арттырат.

Ушуга байланыштуу окуу китептерин, симуляциялык борборго жана лабораторияларга керектүү жабдууларды, ошондой эле материалдарды сатып алуу боюнча сунушту колдойм.”

Медициналык факультетинин деканы Ш.М. Астанов: – “Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Ооба симуляциялык борборду, лабораторияларды зарыл болгон жабдуулар жана материалдар менен толуктоо, ошондой эле предметтер боюнча окуу китептерин сатып алуу билим берүүнүн сапатын жакшыртууга, практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жана адистерди даярдоонун деңгээлин көтөрүүгө өбөлгө түзөт. Ошондуктан жогоруда айтылган сунуштарга кошулам, колдойм.”

Токтом долбоору:

1. Мамлекеттик аккредитациянын талаптарына ылайык даярдык көрүү максатында окуу китептерин жана симуляциялык борборго, лабораторияларга керектүү жабдууларды жана материалдарды сатып алуу чечими кабыл алынсын жана сатып алуу боюнча тиешелүү билдирүүлөрдүн жана келишимдердин негизинде акча каражаты бөлүнсүн;
2. Жогорудагы чечимди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешмесинен суралсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

6.4. маселе боюнча окуу иштерини боюнча проректор Н.А.Садырова сөз сүйлөдү- "**Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, урматтуу кеңеш мүчөлөрү!** Каралып жаткан маселе – 2025–2026-окуу жылына карата Дарылоо иши (5 жыл) адистиги үчүн окуу планын кайра бекитүү жөнүндө.

Окуу планы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандартына, тиешелүү нормативдик-укуктук актыларга жана эмгек рыногунун учурдагы талаптарына ылайык кайрадан каралып чыгып, жаңыланды. Планды иштеп чыгууда билим берүү программаларынын мазмунун өркүндөтүүгө, практикага багытталган окутууну күчөтүүгө жана компетенттүүлүк мамилени камсыздоого өзгөчө көңүл бурулду.

Мындан тышкары:

- дисциплиналардын аталыштары үч тилде жазылды (кыргыз, орус, англ)
- дисциплиналардын логикалык ырааттуулугу такталды;
- кредиттик технологиянын талаптарына шайкеш келтирилди;
- тандоо компоненттери кеңейтилди;

Окуу планы тиешелүү кафедраларда, факультетте каралып, окуу-методикалык кеңеш тарабынан жактырылды.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, сунушталган окуу пландарын бекитип берүүңүздөрдү суранам.

Токтом долбоору

560001 Дарылоо иши (чет элдик студенттер үчүн) окуу планы бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. а) Деканаттын жарым жылдык отчёту канааттандырарлык деп табылсын;
   б) Деканатка жана кафедра башчыларына экинчи жарым жылдыкта окуу планындагы, окуу-усулдук комплекстердеги (ОМК), силлабустардагы жана баалоо каражаттарынын фонддорундагы (ФОС) аныкталган кемчиликтерди жоюу жүктөлсүн, мында алардын мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана аккредитациялык талаптарга шайкештиги камсыздалсын;
   в) Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө деканга жүктөлсүн;
2. а) Окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысынын маалыматы эске алынсын, отчету канааттандырарлык деп табылсын;
   б) Жайкы семестрди уюштуруу боюнча жобо кайрадан иштелип чыгылсын;
   в) ОСКЭ, ОСПЭ уюштуруу боюнча иш кагаздарды иштеп чыгуу кафедра башчыларына жүктөлсүн;
3. а) Сапат кеңешинин курамы сунушталган курамда кайрадан бекитилсин;

б) Аккредитациядан кийинки НААР тарабынан берилген сунуштардын аткарылышы күчөтүлсүн;

в) Кызматкерлердин жана окутуучулардын KPI боюнча жобосу өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитилсин;

4. 2026-2027-окуу жылы үчүн кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы катары медициналык факультеттин деканы Астанов Шавкатбек Моминжанович дайындалсын;

5. а) Укук иштери жана адам ресурстары бөлүмүндө 1 (бир) штаттык бирдик “Архивариус” кызмат орду ачылсын;

б) Эсепкана бөлүмүндө 1 (бир) штаттык бирдик кассир кызмат орду ачылсын;

в) Окуу-маалымат бөлүмүндө 1 (бир) штаттык бирдик практика боюнча башкы адис кызмат орду ачылсын;

г) Жогоруда аталган штаттык бирдиктерди эске алуу менен университеттин штаттык жадыбалына жана тарифтик-квалификациялык тизмесине өзгөртүүлөр киргизилсин;

д) Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешмесинен суралсын.

6. Ар түрдүү маселелер.

6.1. Биоэтика комитетинин жогоруда сунушталган курамы бекитилсин.

6.2. а) 2026-жылдын 1-2-март күндөрү университет тарабынан өткөрүлүп жаткан X юбилейлик Эл аралык «Иммунология жана иммунопрофилактика 2026» аталышындагы конгрессти уюштурууга жана өткөрүүгө кеткен чыгымдарга университеттин эсебинен акча каражаты бөлүнсүн;

б) Жогорудагы чечимди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешмесинен суралсын;

6.3. а) Мамлекеттик аккредитациянын талаптарына ылайык даярдык көрүү максатында окуу китептерин жана симуляциялык борборго, лабораторияларга керектүү жабдууларды жана материалдарды сатып алуу чечими кабыл алынсын жана сатып алуу боюнча тиешелүү билдирүүлөрдүн жана келишимдердин негизинде акча каражаты бөлүнсүн;

б) Жогорудагы чечимди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешмесинен суралсын.

6.4. 560001 Дарылоо иши (чет элдик студенттер үчүн) окуу планы бекитилсин.

Көчүрмөсү анык

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.